КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ

ЖУМГАЛ РАЙОНУ
БАЙЗАК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАЙЗАКСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ

**Байзак айыл аймагынын айылдык кеңешинин № VIII -чакырылышынын кезектеги XIV-сессиясы**

2024-жылдын 26-июлу №14/4

**Байзак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше бөлүгүнө кошумча план киргизүү жөнүндө**

Байзак айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнө кошумча киргизүү боюнча Байзак айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Женалиевдин жана Байзак айыл өкмөтүнүн финансы экономика жана социалдык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы Д.Бегалиевдин билдирүүсүн угуп, талкуулап Байзак айылдык Кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Байзак айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы бюджетинин киреше бөлүгүнө жалпы 9204,5 миң сом кошумча план киргизилсин.
   - Салык төлөөчүлөрдүн киреше салыгынын планына 2000000 (эки миллион) сом,
   - Кыймылсыз мүлк салыгына 5100 (беш миң бир жүз) сом,
   - Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгынын планына 755000 (жети жүз элүү беш миң) сом,
   - Роялти (көмүр) салыгынын планына 500000 (беш жүз мин) сом,
   - Лицензия кармаган ишканалардын төлөмүнүн планына (ПУЛ) 770000 (жети жүз жетимиш мин) сом,
   - Жайыт жерлерин пайдалануу төлөмүнүн (аренда) планына 751000 (жети жүз элүү бир миң) сом,
   - Ата- энелер төлөмүнүн планына 1033400 (Бир миллион отуз үч миң төрт жүз) сом,
   - Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр төлөмдөрү планына 1390000 (Бар миллион үч жүз токсон миң) сом,
   - Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүү үчүн төлөмдөр планына 2000000 (эки миллион) сом.

1. Жогорудагы бюджеттин креше бөлүгүнө кошумча алыган план төмөндөгүдөй тартипте чыгымдалсын.
   - 1 033 400 сом Балдар бакчаларынын тамак-аш азыктарына, ( Балдар бакчаларына)
   - 984 838 сом,Байзак айыл аймагынын Байзак жана Баш-Кууганды айылдарынын көчөлөрүн күн панелдери менен жарыктандырууга (муниципалдык ишканага)
   - 751 000 сом Жайыт комитете башка чыгымдарга (Жайыт комитетине)
   - 500000 сом Таш-1 каналынын курулушун аягына чыгарууга, (АУПка)
   - 148 000 сом Баш-Кууганды соц обьектилердин жылуулук системасы (Стим грант) (АУПка)
   - 1 116 170 сом Баш-Кууганды соц обьектилердин жылуулук системасына кошумча смета (АУПка)

- 700 000 сом курулуштардын, капиталдык оңдоо иштеринин сметаларын, долбоорлордун иш кагаздарын иштеп чыгуу үчүн (АУПка)
- 450 000 сом Спорт залдын курулушуна керектүү иш кагаздарын кайра жаңыртып бүткөрүүгө, (АУПка)
- 200 000 сом Кайырма-Арык каналынын курулушунун иш-кагаздарын даярдоого, (АУПка)
- 500 000 сом Байзак айыл аймагында жайгашкан БСРлердин, каналдардын китептин алуу үчүн иш кагазарын даярдоо жана алууга (муниципалдык ишканага)
- 150 000 сом Жумгал РЭСтин балансасына өткөрүлө элек ТПларды тактоо жана өткөрүү үчүн иш кагаздарын бүткөрүүгө , (АУПка)
- 70 000 сом Жумгал РЭти тарабынан №1 биригададагы кичи футбол аятчасына уруксаатсыз кошулган электр энергиясына түзүлгөн АКТ үчүн, (АУПка)
- 50 000 сом Айыл аймагындагы кичи футбол жана муз аянтчаларына жарыктандыруусу үчүн РЭСтен техникалык шарттарды алууга, (АУПка)
- 99 408 сом Айыл өкмөттүн имаратынын айлана тегерегинин ремонтунун кошумча аткарылып жаткан иштеринин сметасы үчүн
- 200 000 сом Айыл өкмөттүн резервдик фондуна (АУПка)
- 1 500 000 сом Комбайнга кошумча (лизинг үчүн)
- 300 000 сом башка чыгымдарга
- 291 692 сом Компенсация бөлүмүнө (жардамга муктаждар )
- 160 000 сом Айыл башчысынын АУТБЕК автоунаасынын ремонту үчүн

2. Бул каражатты каралган багыттарга жараша киреше жана чыгаша бөлүгүнүн сметасын түзүп Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин Жумгал башкармалыгына тапшыруу жана каражатты максатуу пайдалануу Байзак айыл өкмөтүнүн башкы бухгалтери Б.Жусуповго милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом www.gamsumo.gov.kg сайтына жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облустук юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн. Каттоодон өткөрүү Байзак айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Кадырбаев Русланбек Жумагуловичке милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Байзак айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Женалиевге милдеттендирилсин.

Байзак айыл аймагынын
айылдык кенешинин төрайымы : Г.Т.Акматова